**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Мурзабек Сулайманович Исаковдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

15- январь 2015-жыл Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ч. О. Осмонова, М.Р.Бобукеева, К. С. Сооронкулова, катчы М.Э.Толобалдиевдин катышуусунда жаран Исаков Мурзабек Сулаймановичтин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

2014-жылдын 1-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) жаран М. С. Исаков Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 32-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 3, 4-пункттарын, 81, 82, 83, 84, 85, 89, 90, 91, 93, 280, 281, 286, 287, 288, 289, 291, 294, 298, 299, 309, 310, 311, 312, 314, 315, 317, 318, 319-беренелерин, 320-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 3, 4-пункттарын жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинин 171-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1, 3-абзацтарындагы «ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же жок кылуу», «ошол эле жосундар» деген бөлүктөрүн, 12-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 26-



беренесинин 1-бөлүгүнө, 40-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 64-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 79-беренесине, 80-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 4-бөлүгүнүн 2-абзацына, 81-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таап берүүнү суранып кайрылган.

Өтүнүчтү тастыктоо ирээтинде М.С. Исаков төмөндөгүдөй жүйөлөрдү келтирген: ал 2005-жылдын 12-декабрында чыккан Лейлек райондук сотунун өкүмү менен Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик кодексинин 32, 81-85, 89-93, 280, 281, 286-291, 294, 298, 299, 309-315, 317-320, 324-беренелеринин жетекчилигинде Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинин 171-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту боюнча күнөлүү деп табылып жаза белгиленген (кайрылууга тиркелген өкүмдүн көчүрмөсүн сапатсыздыгына байланыштуу окуганга мүмкүн эмес). Сот өкүм кабыл алууда жетекчиликке алган беренелерде «кодексте каралган тартипте», деген сөздөр Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине карама-каршы келет жана ылайык эмес. Ал эми бул өкүм Конституцияда белгиленгендей «мыйзамда каралган тартипте» эмес «кодексте каралган тартипте» деген сөздөрү бар беренелердин жетекчилигинде кабыл алынган. «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинде «мыйзам» өз алдынча ченемдик актынын түрү, «кодекс» өз алдынча ченемдик акттын түрү болуп көрсөтүлгөн, бирок кодекс мыйзам болуп эсептелбейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64, 74, 79-82 беренелерине ылайык мыйзам гана кабыл алынып, Президент мыйзамга кол коюп, «кодекс» мыйзам деп эсептелбей, ЖПК-нын 32, 81-85, 89-93, 280, 281, 286-291, 294, 298, 299, 309-315, 317-320, 324-беренелери Конституциянын «мыйзам» деген ченемине, ченемдик укуктук актынын түрүнө ылайык эмес болгондуктан, М. С. Исаков Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза кодексинин-нын 171-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1, 3-абзацтары боюнча күнөлүү эмес деп табууга толук негиз бар деп эсептейт.

Мындан тышкары, тергөө ишинде жана соттук териштирүүдө Баткен финполициясында, Лейлек райондук сотунда, апелляциялык жана кассациялык инстанцияларында анын арыздарын кабыл алуу жана катто боюнча болгон процессуалдык укук бузууларды М. С. Исаков өзүнүн жүйөлөрүнүн негиздемелери катары келтирет.

Судьялар коллегиясы М. С. Исаковдун кайрылуусун жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, кайрылуу боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ч. О. Осмонованын маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин талаптарына ылайык судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө, баарынан мурда, кайрылуунун мазмуну жана таризи мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн аныктайт. Тактап айтканда, аталган конституциялык мыйзамдын 25-беренеси кайрылууга коюлуучу жалпы талаптарды бекитип, бул берененин 8, 9-пункттарына ылайык кайрылууда конкреттүү, конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо негиздери; кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көзкарашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бул, конституциялуулугун талашып жаткан ченем тууралуу кайрылуучунун шектери объективдүү негиздемелер менен чындалышы жана так айкындалышы керек экендикти билдирет.

Кайрылуучу М.С.Исаков конституциялуулугун талашып жаткан ченем тууралуу так укуктук далилдерди келтирген эмес жана талаш туудурган ченемдердин маңызы конкреттүү түрдө көрсөтүлгөн эмес.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-*беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Конституциянын негизинде конституциялык*



мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынып, ал эми ченемдик укуктук актылардын түшүнүгү, түрлөрү, алардын өз ара катышы, аларды даярдоо, кабыл алуу, жарыялоо тартиби, аларды колдонуунун, чечмелөөнүн жана коллизияларды чечүүнүн эрежелери Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жол-жоболоштурулган.

Аталган мыйзамдын 4 жана 6-беренелери менен ченемдик укуктук актылардын түрлөрү жана иерархиясы каралып, «кодекс» деп бир тектүү коомдук мамилелерди системалуу жөнгө салууну камсыз кылуучу ченемдик укуктук акт эсептелип, ал эми бул мыйзамдын 1-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык башка мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда камтылган жана ушул Мыйзамдын иштөө чөйрөсүнө тийиштүү мыйзамдардын ченемдери ушул Мыйзамга ылайык келиши керек, деп корсотулгон.

Мындай жагдайларда, судьялар коллегиясы кайрылуучунун көз карашы укуктук негизделбеген деп эсептейт жана ушул жагдайдын негизинде талашып жаткан ченемде күмөндүүлүктүн пайда болуусу табылбайт. Ал эми, күмөндүүлүктүн пайда болуусу жогоруда аталган конституциялык мыйзамдын 24-беренесине ылайык, Конституциялык палатада каралуучу иштин себептери болуп эсептелет.

Демек, жаран М. С. Исаков тарабынан коюлган талаптар Конституциялык палатага караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшү тартибинде кароого эч кандай негиз жок.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

Кыргыз Республикасынын Конституцясын жана мыйзамдарын *негизинде. Конституциялык палата изин суутпай издөөнү, тергөөнү жүзөгө*

ашыруучу органдар тарабынан мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөгө, тергөө же сот органдарынын ишин текшерүүгө, аларга укуктук баа берүүгө, аталган же башка мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укугу жок.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-березенсинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу мазмуну боюнча конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран Исаков Мурзабек Сулаймановичтин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ч.О. Осмонова

М.Р. Бобукеева

К. С. Сооронкулова

№ 02-0